# Аллах Таала силерге да садакадай сооптуу иштерди бербеди беле? Ар бир тасби айтканыңар - садага, Ар бир такбир айтканыңар - садага. Ар бир мактоо айтканыңар - садага. Ар бир - тахлил айтканыңар - садага. Жакшылыкка чакырганыңар - садага, жамандыктан тыйганыңар да - садага. Атүгүл, аялдарыңарга жакындык кылганыңар да - садага" - деди

Абу Зар, (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Сахабалардын бир тобу пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "О Аллахтын элчиси, колунда барлар сооп топтоодо бизден озуп кетишти. Алар биздей эле намаз окушат, биздей эле орозо кармашат, бирок байлыгы бар болгондуктан садака да беришет" - дешти. Ал: "Аллах Таала силерге да садакадай сооптуу иштерди бербеди беле? Ар бир тасби айтканыңар - садага, Ар бир такбир айтканыңар - садага. Ар бир мактоо айтканыңар - садага. Ар бир - тахлил айтканыңар - садага. Жакшылыкка чакырганыңар - садага, жамандыктан тыйганыңар да - садага. Атүгүл, аялдарыңарга жакындык кылганыңар да - садага" - деди. Сахабалар: "Биз кумар каалообузду кандыруу үчүн жакындайбыз го, ошого да сооп жазылабы?" - деп сурашты. Ал: "Эгер бул ишти арам жол менен кылсаңар, ага күнөө жазылат беле? Ошол сыяктуу эле адал жол менен кылганыңар үчүн сооп жазылат" - деди.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Кээ бир колу жука сахабалар өздөрүнүн жардылыгын, башка бай сахабалар сыяктуу садага берип, сооп топтоого чамалары жоктугун айтып даттанат. Алар деле биздей намаз окуп, орозо кармап, бирок байлыгынан садага да берип жатышат. Биз болсо садага бере албайбыз дешет. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга садаганын сообундай эле сооптуу иштерди айтат: Аллах Таала силерге деле өзүңөр үчүн бере турган садагаларды бербедиби? Мисалы, "субхан Аллах" деп айтсаңар, силерге садага бергендин сообу болот. Ошондой эле "Аллаху акбар", "Алхамду лиллах", "Лаа илааха иллаллах" деп айтканыңар садага. Жакшылыкка чакырып, жаманыктан тыйганыңар садага. Ал эмес аялыңар менен кошулганыңар да садага. Сахабалар таң калышып: "Оо, Аллахтын элчиси, бирөөбүз өз кумарын кандыруу үчүн аялына кошулса, ошого да сооп жазылабы?" - деп сурашат. Пайгамбарыбыз: "Эгерде ушул ишти зына, же башка бир арам жол менен кылса күнөө

жазылат беле? Эми аны адал жол менен кылса, ага сооп жазылат" - деди.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4558

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee